Молдо Кылыч Шамыркан уулу

Молдо Кылыч

1987

Институт языка, литературы и ...
... рукописей
Инв. № 187
1998 г.
Кир. ФАН СССР ...
1-жз

Институт языка, литературы и ...
... рукописей
Инв. № 187
1998 г.
Кир. ФАН СССР ...

МОЛДО КЫЛЫЧ ШАМЫРКАН УУЛУ

# МОЛДО КЫЛЫЧ

Арапча жазмаларына салыштырып тактаган жана түзгөн ОМОР СООРОНОВ

Фрунзе - 1987

## КЫЗ - ЖИГИТ

Кыз жетиге келгенде,
Энесин кошот жергеге.
Ойногону куурчак,
Кызыл-тазыл нерсеге...
Сегизинде секелек,
Ыркын башка бөлгөнү.
Тогузунда толгонот,
Ойго түшүп ар неме.
Дебилгелеп сермелеп,
Жакындашат күзгүгө.
Он жашында обозго
Оюн жакка умтулуп,
Көңүл коет комузга.
Он биринде оолугуп,
Көңүлдөнөт абыдан
Оюн менен күлкүгө.
Кыял күтө баштаган,
Он экиге келгенде
Кыз-келинге жакындап,
Эртели кеч өргөөдө.
Он үч жашта ойлонбойт,
Теңтушунан өңгөнү.
Буладай болуп булайып,
Ай тамагы кылайып,
Он төрт жашта кыз бала,
Тоту куштай булактайт.

Толукшуган тууган ай,
Он беш жашка келгенде
Ой тилеги сүйгөндө.
Чолпондой жүзү жаркырап,
Кызгалдактай кылактап,
Кызыл алма анардай.
Жигит ынтык зарланып,
Жетбедим деп арданып.
Ашык болчу ар качан
Күндүз-түнү какшаган,
Кызыл өңү самандай.
Он алтыга келгенде
Тирүү эмес өлгөндөр,
Жүзүн көрүп талгандай.
Жигит түгүл кары да,
Жанган жарык панардай,
Он жетиге келгенде,
Оюндун күлү болгондо,
Короздонуп койкойгон,
Теректей болуп теңселип,
Чырпыгы алтын чынардай.
Ыргайдай болуп ыргалып,
Көркүн көрсө танданып,
Буластай басып буралып,
Эптелишип кыналып
Сүйлөгөндө жоодурап,
Сөөлөтү туйгун тынардай.
Жатса, турса оюнан,

Сүйгөн жарын чыгарбай.
Тазалыгы жанда жок,
Ар ким көрсө кумардай.
Бети кызыл, эти ак,
Көзү жанган шам чырак.
Күлүк аттын мойнуна
Тагып койгон тумардай.
Көрбөсө жигит эңгиреп,
Мас сыяктуу зеңгиреп,
Бир мүнөткө туралбай
Эриксиз кетет күйөөгө
Ыктяры суралбай
Күйөөсүнө келгенде,
Таанылбаган жат элде
Бенде болуп жалдырап,
Үйдөн карыш чыгалбай,
Эске түшүп кыз чагы
Эстен кетпей баштагы.
Эл билет деп калтырап,
Эриккенин жазалбай,
Торго түшкөн кушка окшоп,
Жетим калган кызга окшоп.
Бутка кишен түшкөнсүп,
Карыш эрден басалбай,
Күн тундуруп түн болуп,
Үйдөн чыкпай дым болуп
Бир да көөнүн ачалбай.